КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ

ШАЙЫБЕК АТА
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА
ШАЙЫБЕК АТА

**Шайыбек ата айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин XV-сессиясы**
**Токтом №6**

**28.01.2026-жыл** **Чоң-Сары-Ой айылы**

**Шайыбек ата айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн "Тазалык" мекемесинин кызматкерлеринин эмгек акысын жана кошумча штаттык бирдигин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 мыйзамынын 34-беренесинин негизинде, Кыргыз Республикасынын "Бюджеттик Кодексинин" VIII-бөлүмүнүн 78-беренесине жана Шайыбек ата айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн "Тазалык" мекемесинин директору Ж.Калиевдин кайрылуусуна ылайык, Шайыбек ата айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Шайыбек ата айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн "Тазалык" мекемесинин кызматкерлеринин эмгек акысын жана кошумча штаттык бирдиги 2026-жылдын 1-январынан баштап чектелген эмгек акы фондусу көрсөтүлгөн таблицага ылайык бекитилсин. Тиркеме тиркелет
2. Шайыбек ата айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн "Тазалык" мекемесинин кызматкерлеринин эмгек акысы көбөйтүлүп, штаттык ырааттамага өзгөртүү киргизилсин
3. Шайыбек ата айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн "Тазалык" мекемесинин жетекчиси жана кызматкерлери айыл аймактын тазалыгын, жашылдандыруусун камсыздоону күчөтүлгөн тартипте иш алып баруу жагы тапшырылсын
4. Токтомду каттоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн облустук Юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.
5. Токтомдун аткарылышы Шайыбек ата айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Исанаевага Социалдык экономикалык бөлүмүнүн башчысы А.Токтобековага жана "Тазалык" мекемесинин директору Ж.Калиевке милдеттендирилсин.
6. Токтомду көзөмөлгө алуу жагы "Бюджет, финансы, экономика, инвестиция, соода жана орто чакан бизнести өнүктүрүү боюнча" туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Т.Туйгунов**

*Жиберилди: иш кагаздарына-1, айыл Өкмөтү-1, обл юст-2, "Тазалык" мекемесине-1.*